# Муса



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.

"THE BIBLE EXPLAINED IN EVERY LANGUAGE."




БАШТАЛЫШ 46:5-7; МИСИРДЕН ЧЫГУУ1:1-12, 22


Б.З.Ч. 1525-ЖЫЛДАРЫ
АПА, КОШУНАЛАР МЕНЕН АСКЕРЛЕР БАЛАҢАР КАНА ДЕСЕ, АЛАРГА ЭМНЕ ДЕП ЖООП БЕРЕБИЗ?
СЕН АЛАРГА ЧЫНДЫКТЫ АЙТАСЫҢ. ЫМЫРКАЙДЫН ӨЗҮНҮН ЭНЕСИ АНЫ СУУГА ТАШТАП САЛДЫ. АСКЕРЛЕР КЕЛИП УБАРА БОЛБОЙ ЭЛЕ КОЙСУН.
АПА, СЕБЕТ БҮТҮН БЕКЕН?
СЕБЕТ ИЛЭЭШМЕ ЫЛАЙ ЖАНА ЧАЙЫР МЕНЕН КАПТАЛГАН. АЛ СУУНУН АГЫМЫ МЕНЕН КЕТЕТ.
КИЧИНЕКЕЙ ИНИМДИ КАЙРА КӨРӨР КҮН БАР БЕКЕН?
ТЕҢИР АНЫ САКТАП КАЛАТ. СЕН БОЛСО АНЫН ЖАНЫНДА БОЛУП, КАРАП ТУР.
ФАРАОНДУН КЫЗЫ СУУГА ТҮШКӨНҮ ДАРЫЯГА КЕЛДИ.
КАРАСАҢАР, ТИГИ СЕБЕТТИН ИЧИНЕН БАЛАНЫН ЫЙЛАГАН ҮНҮ УГУЛУП ЖАТАТ.
АЛ ЕВРЕЙ ЫМЫРКАЙЛАРЫНЫН БИРИ БОЛУШУ МҮМКҮН.
АЧКА БОЛСО КЕРЕК.
АНЫ БАГА ТУРГАН БИРӨӨНҮ ТАПСАМ, АЛЫП КАЛМАКМЫН.
МЫНА ЕВРЕЙ КЫЗДАРЫНЫН БИРИ. БАЛКИМ АЛ ЭМИЗЕ ТУРГАН БИРӨӨНҮ ТААП БЕРЕ АЛАР.
МИСИРДЕН ЧЫГУУ 2:3-9


ЭВРЕЙ АЯЛДАРЫНАН БАЛАНЫ ЭМИЗИП БАГЫП БЕРЕ ТУРГАН АЯЛДЫ ТААНЫЙМ. АНЫН СҮТҮ ТОЛУП ТУРАТ.
ОШЕНТИП, МУСАНЫН ЭЖЕСИ МАРИЯМ ФАРАОНДУН КЫЗЫН АПАСЫНА АЛЫП БАРДЫ.
СИЗ УУЛУҢУЗДУ ЖОГОТУП, ЖАМАН ИШ БОЛУПТУР. ДАРЫЯДАН БУЛ БАЛАНЫ ТААП АЛДЫМ. АНЫ БАГЫП БЕРСЕҢИЗ, АКЫСЫН ТӨЛӨП БЕРЕМ.
ЭМЧЕКТЕН ЧЫККАН СОҢ АНЫ ФАРАОНДУН САРАЙЫНА АЛЫП КЕТЕМ. АЛ МИСИРДИН ФАРАОНУ БОЛУП ЧОҢОЕТ. БИЗ АНЫН АТЫН МУСА ДЕП КОЕБУЗ.
МУСА ЭС ТАРТЫП БАШТАГАНДЫ АНЫН ЭНЕСИ ТИРҮҮ КУДАЙ ТУУРАЛУУ АЙТЫП БЕРИП ЖАТТЫ.
МУСАНЫ БАККАНЫҢЫЗГА ЧОҢ РАХМАТ. АЛ ДЕНИ САК КӨРҮНӨТ. АЛ ЧОҢОЙГОНДО БАЙ ЖАНА КҮЧТҮҮ БОЛОТ.
БУЛ БАЛА ҮЧҮН КУДАЙДЫН ӨЗГӨЧӨ ПЛАНЫ БАР ЭЛЕ.
ФАРАОНДУН КЫЗЫНЫН УУЛУ БОЛГОН МУСА МИСИРДЕГИ ТААСИРДҮҮ АДАМДАРДЫН БИРИ БОЛДУ.




МИСИРДЕН ЧЫГУУ 2:10-11


БИР КҮНҮ МУСА МИСИРЛИКТЕРДИН БИРИ ӨЗҮНҮН КУЛУН САБАП ЖАТКАНЫН КӨРДҮ.
МЫНДАН КУТУЛУУНУН УБАКТЫСЫ КЕЛДИ. МЫНДАЙ БОЛБОШУ КЕРЕК.
ТАРС!
ТОКТОТ!
МУСА МИСИРЛИК АДАМДЫ ӨЛТҮРҮП, ДЕНЕСИН КӨМҮП САЛДЫ. БИРОК АНЫ БИРӨӨ КӨРҮП КАЛЫП, ФАРАОНГО АЙТЫП БАРДЫ.
ТОКТО, СЕН КЫЛГАН ИШИҢ ҮЧҮН ЖООП БЕРИШИҢ КЕРЕК!
БУЛ МУСА!
ОО КУДАЙЫМ, ЭМНЕ КЫЛЫП САЛДЫМ!?
Б.З.Ч. 1491-ЖЫЛДАРЫ
МУСА МИСИРДЕН ЧӨЛГӨ КАЧЫП КЕТТИ.
АЛ ЖАЛГЫЗ ЭЛЕ.
АЛ ӨЗ ЭЛИН КУТКАРА АЛГАН ЖОК. ЖАДА КАЛСА АЛ ӨЗҮН КУТКАРУУГА ЧАМАСЫ ЖОК ЭЛЕ.




МИСИРДЕН ЧЫГУУ 2:16-3:10


БИРОК АЛАР СЕН МЕНИ ЖИБЕРГЕНИҢЕ ИШЕНИШПЕЙ, ШЫЛДЫҢДАШАТ.
КОЛУҢДАГЫ ТАЯКТЫ ЖЕРГЕ ТАШТА.
ЭМНЕ ДЕЙСИҢ? ТАЯГЫМДЫБЫ!
УЛУУ ЖЫЛАНГА АЙЛАНДЫ!
КОЛУҢДУ СУНУП, АНЫ КУЙРУГУНАН КАРМА.
ЖЫЛАН КОЛУМДА КАЙРАДАН ТАЯК БОЛУП КАЛДЫ!
МИСИРГЕ БАРГЫН. МЕН САГА АЙТЫП ТУРАМ, ЭМНЕНИ АЙТУУНУ ҮЙРӨТҮП ТУРАМ.
ТУУГАНЫҢ АРУН САГА ЖАРДАМ БЕРЕТ.


Б.З.Ч. 1445-жыл
СЕН МИСИРГЕ КЕТИП ЖАТАСЫҢ. БИРОК СЕНИ ӨЛТҮРГҮСҮ КЕЛГЕНДЕРДИ КАНТЕСИҢ?
АНДАН БЕРИ КЫРК ЖЫЛ ӨТТҮ. МЕНИ ӨЛТҮРҮҮНҮ КААЛАГАНДАРДЫН БААРЫ ӨЛҮШКӨН. ЭМИ ЭЧ КИМ МЕНИ ТААНЫБАЙТ.
ЖОЛДО ТҮНӨГӨН ЖЕРДЕ ТЕҢИР МУСАГА ЖОЛУГУП, АНЫ ӨЛТҮРГҮСҮ КЕЛДИ.
ОШОНДО СИПОР ТАШ БЫЧАКТЫ АЛЫП, УУЛУНУН СҮННӨТҮН КЕСИП, МУСАНЫН БУТ АЛДЫНА ТАШТАДЫ.
ЭМИ СЕН МЕНИН КАН КҮЙӨӨМСҮҢ.
КҮЙӨӨСҮ ЫБРАЙЫМДЫН СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ ТУУРАЛУУ КЕЛИШИМИН АТКАРБАГАНДЫГЫ ҮЧҮН ЖАШООСУ КОРКУНУЧТА ЭКЕНИН СИПОР ТҮШҮНДҮ.
МУСАНЫН ЖАШООСУ КОРКУНУЧТА БОЛГОНУ КУДАЙ ӨЗ ЭЛИНЕ КӨРСӨТКӨН ЖЫШААНЫ ОЛУТТУУ ЭКЕНИН ТАСТЫКТАЙТ.
МУСА СЕКСЕН ЖЫЛ МУРДА ФАРАОН ЭРКЕК ЫМЫРКАЙЛАРДЫ ӨЛТҮРГӨН КЫЙЫН КЕЗЕҢДЕ ТУУЛГАН. БИРОК АНЫН ЭНЕСИ АНЫ ЖАШЫРЫП, КУДАЙДЫН ЭРКИ МЕНЕН МУСАНЫ ФАРАОНДУН КЫЗЫ ТААП АЛЫП, АНЫ МИСИРЛИК КАТАРЫ ТАРБИЯЛАГАН.
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН АКСАКАЛДАРЫ, БЕРИ ЖАКЫН КЕЛГИЛЕ.
МУСА КУДАЙ АГА КӨРСӨТКӨН КЕРЕМЕТТЕРИН БИЗГЕ КӨРСӨТӨТ. ОШОНДО ФАРАОН БИЗДИН ЭЛДИ КОЕ БЕРЕТ.
БУЛАР КИМДЕР?
БУЛ ЛЕБИЛЕРДЕН ЧЫККАН АРУН.
ЖАНЫНДАГЫСЫ БИЗГЕ ОКШОШ ЭКЕН, БИРОК АЛ КУЛГА ОКШОБОЙТ.


ЫБРАЙЫМДЫН КУДАЙЫ МЕНИ МЕНЕН КҮЙҮП ЖАТКАН ОТ БОЛУП СҮЙЛӨДҮ ЖАНА МЕНИ АТАЛАРЫБЫЗДЫН ЖЕРИНЕ КАЙРА ЖИБЕРДИ.
ИИЙ, КАРАЧЫ! АНЫН ТАЯГЫ ЖЫЛАНГА АЙЛАНДЫ.
КОРКПОГУЛА.
ЭМИ КАРАГЫЛА.
КУДАЙ БИЗДИ УНУТПАПТЫР.
БУЛ КЕРЕМЕТТЕРГЕ ФАРАОН ИШЕНЕТ.
БУЛ КЕРЕМЕТ!
ЭМИ БИЗ ФАРАОНГО БАРАБЫЗ.
ЫБРАЙЫМД ЫН КУДАЙЫ!


КЫРК ЖЫЛДАН БЕРИ ЭЧ НЕРСЕ ӨЗГӨРБӨПТҮР. АШЫКЧА ЭС НЕРСЕ АЙТПА. МЕН АЙТКАНДЫ ГАНА АЙТ
ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙЫ МУСАГА СҮЙЛӨДҮ. ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙ-ТЕҢИРИ АНЫН ЭЛИН КОЁ БЕРИП, АЛАР ЧӨЛДӨ АГА АРНАП МАЙРАМ ӨТКӨРҮШСҮН ДЕДИ.
ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙЫ ДЕЙСИҢБИ? ХА-ХА! МЕН АНЫ УГУП, ЫСРАЙЫЛДЫ КОЁ БЕРГИДЕЙ, ТЕҢИР КИМ ЭКЕН? МЕН ТЕҢИРДИ БИЛБЕЙМ, ЫСРАЙЫЛДЫ ДА КОЁ БЕРБЕЙМ
СИЛЕР МЕНИН ЭЛИМДИ ИШТЕН АЛАГДЫ КЫЛЫП ЖАТАСЫҢАР! ЭМИ АЛАР МЕН БИЛБЕГЕН КУДАЙГА БАРЫП ТАБЫНГАНЫ ЖАТЫШАТ. АЛАРДЫН КЫЛАРГА ИШИ ЖОКПУ? МЫНДАН АРЫ АЛАРДЫН ИШИН ДАГЫ ООРЛОТОМ.
МЫНДАН АРЫ БУЛ ЭЛГЕ КЫШ КУЮУ ҮЧҮН МУРУНКУДАЙ САМАН БЕРБ ЕГИЛЕ. АЛАР САМАНДЫ ӨЗДӨРҮ БАРЫП ЧОГУЛТУП АЛЫШСЫН.



ЭМНЕГЕ КУЛДАРЫҢА УШУНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛЫП ЖАТАСЫҢ?
КУЛДАРЫҢА САМАН БЕРБЕЙ ЖАТЫШАТ, БИРОК КЫШ КУЙГУЛА ДЕП, КУЛДАРЫҢДЫ САБАП ЖАТЫШАТ.
КУЛДАРЫҢА САМАН БЕРБЕЙ ЖАТЫШАТ, БИРОК КЫШ КУЙГУЛА ДЕП, КУЛДАРЫҢДЫ САБАП ЖАТЫШАТ.
БАРГЫЛА, ИШТЕГИЛЕ. СИЛЕРГЕ САМАН БЕРИЛБЕЙТ, БИРОК ТИЕШЕЛҮҮ САНДАГЫ КЫШТЫ ТОЛУК БЕРГИЛЕ.
СИЛЕР БИЗДИН ИШТИ ЭКИ ЭСЕ ООРДОТУП САЛДЫҢАР! КАНДАЙ ГАНА ЖЕТИШКЕНДИК? АНАН СИЛЕР ӨЗҮҢӨРДҮ КУДАЙ ЖИБЕРДИ ДЕП ЭСЕПТЕЙСИҢЕРБИ?
ТЕҢИР! МЕН СЕНИН ЫСЫМЫҢДАН СҮЙЛӨЙ БАШТАГАНДАН ТАРТЫП, АЛ БУЛ ЭЛГЕ МУРУНКУДАН ДА ЖАМАН МАМИЛЕ КЫЛА БАШТАДЫ. ЭМНЕ ҮЧҮН МЕНИ ЖИБЕРДИҢ?
МЕН СЕНИН АТА-БАБАҢДЫН КУДАЙЫМЫН. МЕН МИСИРЛИКТЕРДИН ЭЗҮҮСҮ АСТЫНДА КЫЙНАЛГАН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН ОНТОГОНУН УКТУМ.
ӨЗҮМДҮН ЫБРАЙЫМГА БЕРГЕН КЕЛИШИМИМДИ АТКАРУУГА УБАКЫТ ЖЕТТИ. ЭЛИМДИ УБАДАЛАНГАН ЖЕРГЕ АЛЫП БАРАМ. МУСА СЕН АЛАРДЫ ЖЕТЕКТЕП БАРАСЫҢ.
МЕН БОЛСО СӨЗГӨ ЖОКМУН, ФАРАОН КАНТИП УКСУН?
АРУН СЕНИН ОРДУҢА СҮЙЛӨЙТ. СЕН МЕНИН СӨЗҮМДҮ УГУП, АГА АЙТЫП ТУР. БАШЫНДА ФАРАОН СЕНИ УКПАЙТ, БИРОК СЕН АГА КЕРЕМЕТТЕРДИ КӨРСӨТӨСҮҢ. ОШОНДО АЛАР ЧЫНЫГЫ КУДАЙДЫ ТААНЫП БИЛИШЕТ.


БУЛ ЖАККА ДАГЫ ЭМНЕ КЕЛДИҢ?
БУЛ ЖАККА ДАГЫ ЭМНЕ КЕЛДИҢ?
КУДАЙ АЙТКАНЫН ТАСТЫКТАГАН КЕРЕМЕТТЕР МЫНА.
ИИЙ... ЖЫЛАН!
ХА-ХА-ХА, БУЛ ЖӨН ГАНА СЫЙКЫР. БИЗДИН СЫЙКЫРЧЫЛАРДЫ ЧАКЫРГЫЛА!


ФАРАОН ДААНЫШМАНДАР МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫЛАРДЫ ЧАКЫРДЫ. МИСИРДИН СЫЙКЫРЧЫЛАРЫ ДА ӨЗДӨРҮНҮН СЫЙКЫРЛАРЫ МЕНЕН ОШОНДОЙ КЫЛЫШТЫ.
БИЗДИН КУДАЙЫБЫЗ НЕСЕРТ СИЛЕРГЕ ДАГЫ КӨБҮРӨӨК КЫШ КУЙСУН ДЕДИ. ХА-Х А-ХА!
КАРАСАҢАР! АНЫН ЖЫЛАНЫ БИЗДИКИЛЕР МЕНЕН СОГУШУП ЖАТАТ!
АНЫН ЖЫЛАНЫ БИЗДИКИН ЖЕП ЖАТАТ!
АЛ БИЗДИН ЖЫЛАНДАРДЫ ЖУТУП АЛДЫ!
ЖАРАТУУЧУ КУДАЙ “МЕНИН ЭЛИМДИ КОЕ БЕР” ДЕП ЖАТАТ.


КУДАЙ МУСА МЕНЕН ЖОЛУГУП, АГА ЭМНЕ КЫЛЫШ КЕРЕКТИГИН АЙТТЫ. МУСАНЫН СӨЗҮНӨН КИЙИН ФАРАОН ЭЛДИ ДАГЫ КӨБҮРӨӨК КЫЙНАГАНДЫКТАН, ӨЗ ЭЛИ АНЫ ЧЕТКЕ КАКТЫ. БИРОК МУСА КУДАЙДЫН ИШИН ТҮШҮНБӨСӨ ДА, АГА ИШЕНДИ.
ЭВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИ МЫНДАЙ ДЕЙТ: “МЕНИН ЭЛИМДИ КОЕ БЕРБЕГЕНИҢ ҮЧҮН МЕНИН ТЕҢИР ЭКЕНИМДИ СЕН МЫНДАН БИЛЕСИҢ. МИСИРДИН БАРДЫК ДАРЫЯЛАРЫ КАНГА БОЕЛОТ”.
МЕНИН СЫЙКЫРЧЫЛАРЫМДЫ ЧАКЫРГЫЛА. НИЛДИН КУДАЙЫ МУНУ ТОКТОТСУН.
ТЕҢИР ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮ ТАШТАЙ КАТЫГАНЫН, АЛ КУДАЙДЫН КЕРЕМЕТТЕРИН КАНЧА КӨРСӨ ДА ЭЛДИ КОЁ БЕРБЕЙ ТУРГАНЫН АЙТТЫ.


ДАРЫЯДАГЫ СУУ КАНГА АЙЛАНДЫ. ОШОНДО ДАРЫЯДАГЫ БАЛЫКТАР КЫРЫЛЫП, ДАРЫЯ САСЫП КЕТТИ.
КУДАЙДЫН КОЛУНАН ЖАСАЛГАН КЕРЕМЕТ ЭКЕНИН БИЛСЕ ДА, ФАРАОНГО ТААСИР ЭТКЕН ЖОК.




МЕН МЫНДАЙ ШУМДУКТУ ӨМҮРҮМДӨ КӨРГӨН ЭМЕСМИН. КИЧИНЕКЕЙ АГЫНДЫЛАРГА ЧЕЙИН КАН БОЛДУ. АЛ КУДАЙЫН КИМ ДЕДИ ЭЛЕ?
АЙЫРМАСЫ КАНДАЙ? БИЗДЕ МИҢДЕГЕН КУДАЙЛАР БАР. БОЛГОНУ НИЛДИН КУДАЙЫ АЧУУЛАНЫП ЖАТСА КЕРЕК.
МУСА АНЫН ТЕҢИРИ ЖАЛГЫЗ ТИРҮҮ КУДАЙ ДЕП АЙТКАН.
БИР КУДАЙ? БУЛ КҮЛКҮМҮШТҮҮ.
МЕНИН СЫЙКЫРЧЫЛАРЫМ ДЕЛЕ МЫНДАЙ КЫЛА АЛЫШАТ. АНДЫКТАН БУЛ СЫЙКЫРЫҢАР МЕНЕН МЕНИ АЛДАЙ АЛБАЙСЫҢАР.
ТЕҢИР ДАРЫЯНЫ КАНГА АЙЛАНТКАНДАН КИЙИН, ЖЕТИ КҮН ӨТТҮ. МУСА КУДАЙДЫН ЭКИНЧИ ЖАЗАСЫН МИСИРГЕ ЖИБЕРДИ.
ДАРЫЯЛАРГА, АГЫН СУУЛАРГА ЖАНА КӨЛДӨРГӨ КУРБАКА КАПТАТ.
БИР ЗАМАТТА МИЛЛИОНДОГОН КУРБАКАЛАР ЧЫГЫП, МИСИР ЖЕРИН КАПТАДЫ.


МЕНИН ҮЙҮМ БАКАЛАРГА ТОЛДУ.
МИСИР ЖЕРИНИН БААРЫН КУР БАКАЛАРГА КАПТАДЫ. КУДАЙЛАР КААРДАНЫП ЖАТЫШАТ!
БИЗДИН ЖРЕЦТЕР КАЙДА? БИР НЕРСЕ КЫЛА АЛЫШАБЫ?
AAAA!
БУЛАР ЭМНЕ ҮЧҮН ДАГЫ БАКАЛАРДЫ КЫЛЫП ЖАТЫШАТ. МУСАНЫКЫ ЖЕТИШПЕЙ ЖАТТЫ БЕЛЕ?
КАРАСАҢ… ФАРАОНДУН СЫЙКЫРЧЫЛАРЫ ДЕЛЕ БАКА ЖАРАТА АЛЫШАТ ЭКЕН.
АЛАР СУРАНГАНДАЙ ЕВРЕЙЛЕРДИ ЧӨЛГӨ ЖИБЕРСЕҢЧИ. БИЗ ЧЫДАЙ АЛБАЙБЫЗ МЫНДАЙГА.
МУСАНЫ ЧАКЫРГЫЛА. СӨЗ БАР.
АЛБЕТТЕ, ТӨРӨМ.
ТЕҢИРГЕ СЫЙЫНГЫЛА, АЛ КУРБАКАЛАРДЫ МЕНДЕН, МЕНИН ЭЛИМДЕН ЖОГОТСУН. ОШОНДО МЕН ЫСРАЙЫЛ ЭЛИН ТЕҢИРГЕ КУРМАНДЫК ЧАЛУУГА КОЁ БЕРЕМ.
БАКАЛАР КАЧАН ЖОГОЛУШУ КЕРЕК БОЛГОН УБАКЫТТЫ ӨЗҮҢӨР БЕЛГИЛЕГИЛЕ.
ЭРТЕҢ ЭРТЕ МЕНЕН.
СЕН АЙТКАНДАЙ БОЛСУН, ОШОНДО БИЗДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИБИЗДЕЙ ЭЧ КИМ ЖОК ЭКЕНИН БИЛЕСИҢ.





МИСИРДЕН ЧЫГУУ 8:13-19


МАЙДА ЧИРКЕЙЛЕР ЖОГОЛДУ, БИРОК КУЛДАРДЫ ЖИБЕРЕ АЛБАЙМ.
ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮ КАЙРАДАН КАТЫГАНДА, ТЕҢИР МУСАГА СҮЙЛӨДҮ.
ТЕҢИР: "МЕН МИСИРГЕ КӨГӨӨН ЖИБЕРЕМ. БИРОК ЭМИ МИСИРЛИКТЕР МЕНЕН ЕВРЕЙЛЕРДИН ОРТОСУНДА АЙЫРМАЧЫЛЫК БОЛОТ.
МЕНИН ЭЛИМ ЖАШАГАН ЖЕРДЕ КӨГӨӨН БОЛБОЙТ, ОШОНДО ЖЕР ҮСТҮНДӨГҮ ТЕҢИР МЕН ЭКЕНИМДИ БИЛЕСИҢ".
АТА, БИЗДИН СЫЙКЫРЧЫЛАР ЭМНЕ ҮЧҮН АЛ КИШИНИ ТОКТОТО АЛБАЙ ЖАТЫШАТ?
МЕН ДИН ЖӨНҮНДӨ ЭЧ НЕРСЕ БИЛБЕЙМ. МАГА ӨЗ ИШИМ ГАНА МААНИЛҮҮ.
МУСА АЙТКАНДАЙ ЭЛЕ ЕВРЕЙЛЕРДИН ЖЕРИНДЕ КӨГӨӨН ЖОК.
МУСАНЫ ТАПКЫЛА.
МЕН СИЛЕРГЕ ӨЗҮҢӨРДҮН КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕРГЕ КУРМАНДЫК ЧАЛЫШ ҮЧҮН, ЧӨЛГӨ БАРУУҢАРГА УРУКСАТ БЕРЕМ, БИРОК АЛЫС КЕТПЕГИЛЕ.
АЛ ЖЕРГЕ БАРУУ ҮЧҮН ҮЧ КҮНДӨЙ УБАКЫТ КЕТЕТ.
АЛЫС КЕТПЕГИЛЕ ДЕП АЙТЫП ЖАТАМ. ЭМИ КУДАЙЫҢАР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮП, КӨГӨӨНДӨРДҮ ЖОК КЫЛГЫЛА.
БИРОК КАЙРАДАН ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮ КАТУУЛАНЫП, ЭЛДИ КОЕ БЕРҮҮДӨН БАШ ТАРТТЫ.
МИСИРДЕН ЧЫГУУ 8:20-32


ТЕҢИР МУСАГА ДАГЫ КАЙРЫЛДЫ.
“ФАРАОНГО БАРЫП, ЭВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИ МЫНДАЙ ДЕП АЙТЫП ЖАТАТ ДЕ: МЕНИН ЭЛИМДИ КОЁ БЕР, АЛ МАГА ИЙБАДАТ КЫЛСЫН”.
ЭГЕРДЕ СЕН АНЫ КОЁ БЕРГИҢ КЕЛБЕЙ, ДАГЫ КАРМАЙ ТУРГАН БОЛСОҢ, АНДА ТЕҢИР ӨЗ КОЛУН ТАЛААДАГЫ БАРДЫК МАЛЫҢА ӨТӨ ООР ЖУГУШТУУ ООРУ ТАРАТАТ.
БИРОК ТЕҢИР ЫСРАЙЫЛДЫН МАЛЫН МИСИРДИН МАЛЫНАН БӨЛҮП КОЁТ. ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН МАЛЫНАН БИРӨӨ ДА ӨЛБӨЙТ”.
БИРОК ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮ КАТУУ ЭЛЕ.


ЭМНЕ БОЛУП КЕТТИ? КЕЧЭЭ ЭЛЕ МАЛЫБЫЗ ЖАКШЫ БОЛЧУ.
БИЗГЕ КӨЙГӨЙ ЖАРАТКАНДЫ ЖАКШЫ КӨРГӨН МУСАНЫН КОЛУ ГО БУЛ.
АЛ ҮЧҮН ФАРАОНДУН САРАЙЫНДА БИР КЫЗЫК ИШТЕР БОЛУП ЖАТКАНЫН УКТУМ.


БИЗДИН МАЛЫБЫЗ КЫРЫЛЫП КАЛСА, СИЛЕРДИКИ СОПСОО.
АТА-БАБАЛАРЫБЫЗДЫН КУДАЙЫ БИЗДИ КУЛЧУЛУКТАН БОШОТУУ ҮЧҮН БИЗГЕ КЕЛДИ.
БИЗДИН КУДАЙЛАРГА АТАЙЫН КУРМАНДЫК ЧАЛЫНЫП ЖАТАТ. АНДЫКТАН ЫЙЫК БУКАБЫЗ КААРДАНЫП, МУНУ ТОКТОТОТ.
МИСИР ЭЛИН ЖАЗАЛОО УЧУРУНДА МУСА ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН КУДАЙЫНА СЫЙЫНГАНЫН УЛАНТТЫ.
ЭМИ КЕЧ БОЛУП КАЛДЫ. ФАРАОНГО АЙТКЫЛА, БИЗДИН БАРДЫК ЫЙЫК БУКАЛАР КЫРЫЛЫП КАЛДЫ. БИЗДИН КУДАЙЛАР ӨЗДӨРҮН МУСАНЫН КУДАЙЫНАН САКТАЙ АЛБАГАНЫН УККАНДА ЭЛ КААРДАНАТ.
МИСИРЛИКТЕРДИН КУДАЙЛАРЫ КАЙДА? АЛАРДЫН КҮЧҮ ЖОКПУ?
БИРОК ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮ КАТУУЛАНЫП, ЭЛДИ КОЕ БЕРБЕЙ КОЙДУ.







МИСИРДЕН ЧЫГУУ 9:7-8


…ЖАНА АНЫ ФАРАОНДУН КӨЗ АЛДЫНДА АСМАНГА ЧАЧ.
ОШОНДО БҮТКҮЛ МИСИР ЖЕРИН ЧАҢ КАПТАП, БҮТКҮЛ МИСИР ЖЕРИНДЕГИ АДАМДАР МЕНЕН МАЛГА ИРИҢДҮҮ ЖАРА ЧЫГАТ.


БУЛ АДАМ ЧЫДАГЫС ООРУ ЭКЕН! ЕВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙЫ КАРГЫШКА КАЛСЫН!
ФАРАОН, ЭСИҢЕ КЕЛ. БУЛ КАРГЫШКА КАЛГАН ЭЛДИ КЕТИР БУЛ ЖЕРДЕН.
БУГҮН ФАРАОНДУН АЛДЫНА БАРЫП СЫЙКЫРЛАРЫМДЫ КӨРСӨТӨ АЛБАЙМ. БУЛ ЖАРАЛАР ЖАНЫМДЫ ЖЕП, ТУРГАНГА АЛ ЖОК!
АНСЫЗ ДЕЛЕ ФАРАОН ЖАРАБЫЗДЫ КӨРҮП САРАЙЫНА КИРГИЗБЕЙТ.
СЫЙКЫРЧЫЛАР ЖАРАДАН УЛАМ МУСАНЫН АЛДЫНДА ТУРУШТУК БЕРЕ АЛЫШПАДЫ, АНТКЕНИ ЖАРА СЫЙКЫРЧЫЛАРГА ЖАНА БҮТ МИСИРЛИКТЕРГЕ ЧЫККАН ЭЛЕ.
БИРОК ДАГЫ ЭЛЕ…ФАРАОН ЭЛИНИН ЭЗИЛГЕНИН КӨРСӨ ДАГЫ, ЖҮРӨГҮ ЖИБИГЕН ЖОК.


ЭРТЕҢ ЭРТЕ ТУРУП, ФАРАОНДУН АЛДЫНА БАРЫП, АГА МЫНДАЙ ДЕ:


“ЭВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИ МЫНДАЙ ДЕЙТ: МЕНИН ЭЛИМДИ КОЁ БЕР, АЛ МАГА ИЙБАДАТ КЫЛСЫН.
АНТКЕНИ БУЛ ЖОЛУ МЕН СЕНИ, КУЛДАРЫҢДЫ ЖАНА ЭЛИҢДИ КАТУУ ЖАЗАЛАЙМ, ОШОНДО СЕН БҮТ ЖЕР ҮСТҮНДӨ МАГА ТЕҢДЕШ ЭЧ КИМ ЖОК ЭКЕНИН БИЛЕСИҢ.
МЕН ЭРТЕҢ ТАК УШУЛ УБАКТА МИСИР НЕГИЗДЕЛГЕН КҮНДӨН ТАРТЫП АЗЫРКЫГА ЧЕЙИН БОЛУП К ӨРБӨГӨН ӨТӨ КАТУУ МӨНДҮР ЖААДЫРАМ.
ОШОНДУКТАН МАЛЫҢДЫ ЖАНА ТАЛААДА ЭМНЕҢ БОЛСО, ОШОНУН БААРЫН ЧОГУЛТКАНЫ КИШИ ЖИБЕР…
АЛ ЭМИ ҮЙГӨ КЕЛБЕЙ, ТАЛААДА КАЛГАН АДАМДАРЫҢ ДА, МАЛЫҢ ДА МӨНДҮРДӨН КЫРЫЛАТ”.
БУЛ АЛЖЫГАН ПАЙГАМБАРДЫН СӨЗҮНӨ ИШЕНИП БАШТАДЫҢБЫ?
АЙРЫМ МИСИРЛИКТЕР КУДАЙДЫН СӨЗҮНӨН КОРКУП, МАЛ-ЖАНДАРЫН ЖАШЫРЫП КОЮШТУ.
МИСИРДЕН ЧЫГУУ 9:13-21


БУЙРУКТУ АТКАРБАГАН МИСИРЛИКТЕРДИН КӨПТӨГӨН МАЛЫ МЕНЕН КУЛДАРЫ КАЗА ТАПТЫ.
МЕНИН ТӨРӨМ МУСА АРКЫЛУУ АЙТЫЛГАН КУДАЙДЫН СӨЗҮНӨ КУЛАК САЛГАНДА...



МИСИРДЕН ЧЫГУУ 9:22-26


КҮНӨӨ БИЗ ТАРАПТАН КЕТТИ.
ТЕҢИР АДИЛЕТТҮҮ, МЕН ЖАНА МЕНИН ЭЛИМ БОЛСО АЙЫПТУУ.
ТЕҢИРГЕ СЫЙЫНГЫЛАЧЫ, КУДАЙДЫН КҮН КҮРКҮРӨӨСҮ МЕНЕН МӨНДҮРҮ БАСЫЛСЫН.
ОШОНДО МЕН СИЛЕРДИ КОЁ БЕРЕМ, МЫНДАН АРЫ КАРМАБАЙМ.
МЕН ШААРДАН ЧЫГАРЫМ МЕНЕН ТЕҢИРГЕ КОЛУМДУ СУНАМ. КҮНДҮН КҮРКҮРӨГӨНҮ ДА, МӨНДҮР ДА БАСЫЛАТ. БИРОК МЕН БИЛЕМ, СИЛЕР ДАГЫ ЭЛЕ КУДАЙ-ТЕҢИРДЕН КОРКПОЙСУҢАР.
МЕН ШААРДАН ЧЫГАРЫМ МЕНЕН ТЕҢИРГЕ КОЛУМДУ СУНАМ. КҮНДҮН КҮРКҮРӨГӨНҮ ДА, МӨНДҮР ДА БАСЫЛАТ. БИРОК МЕН БИЛЕМ, СИЛЕР ДАГЫ ЭЛЕ КУДАЙ-ТЕҢИРДЕН КОРКПОЙСУҢАР.
ОШОНДО КУДАЙ МУСАНЫ ДАГЫ ФАРАОНГО ЖИБЕРДИ.
ЭВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИ МЫНДАЙ ДЕЙТ: “КАЧАНКЫГА ЧЕЙИН СЕН МАГА МОЮН СУНБАЙСЫҢ?
ЭГЕРДЕ СЕН МЕНИН ЭЛИМДИ КОЁ БЕРБЕСЕҢ, АНДА ЭРТЕҢ МЕН СЕНИН ЖЕРИҢЕ ЧЕГИРТКЕ КАПТАТАМ.
АЛАР МӨНДҮРДӨН КАЛГАНДЫН БААРЫН ЖЕП, ТАЛААДАГЫ БАК-ДАРАКТАРДЫН БААРЫН КУРУТАТ”.
БУЛ БИЗДИ КАЧАНКЫГА ЧЕЙИН КЫЙНАЙТ?
КУЛДАРДЫ КОЕ БЕРСИН.
ФАРАОН МИСИР ЖЕРИ КЫЙРАП ЖАТКАНЫН КӨРБӨЙ ЖАТАБЫ?


МУСА ТАЯГЫН МИСИР ЖЕРИНЕ СУНДУ. ОШОНДО ТЕҢИР БУЛ ЖЕРГЕ ЧЫГЫШТАН ШАМАЛ ЖИБЕРДИ. АЛ ШАМАЛ БИР КҮН, БИР ТҮН БОЛДУ.
ЧЕГИРТКЕ БҮТ МИСИР ЖЕРИН КАПТАДЫ, АЛАР ӨТӨ КӨП БОЛГОНДУКТАН, БҮТ МИСИР АЙМАГЫН БАСЫП КАЛДЫ. БУГА ЧЕЙИН МЫНЧАЛЫК КӨП ЧЕГИРТКЕ БОЛГОН ЭМЕС, МЫНДАН КИЙИН ДА БОЛБОЙТ.
ЧЕГИРТКЕЛЕР ЖЕРДЕГИ БАРДЫК ӨСҮМДҮКТӨР, ДАРАКТАРДЫ ЖЕП КОЮШТУ.
ШААРЛАРДА ДА АБАЛ ЖАКШЫ ЭМЕС БОЛЧУ…


ЭМНЕ ҮЧҮН ФАРАОН МУСАНЫН ТИЛИН АЛБАЙ ЖАТАТ?
МУСАНЫН ЭСКЕРТКЕНИН АНЫН КУДАЙЫ ДАГЫ АТКАРДЫ.
БИЗ ЭМИ КУРУДУК.
МУСАНЫН АЙТКАНЫНЫН БААРЫ БОЛУП ЖАТАТ.
ОСИРИС, КҮЧҮҢДҮ КӨРСӨТЧҮ БИЗГЕ.
ГЕБ, ӨСҮМДҮКТӨДҮН КУДАЙЫ, ЕВРЕЙЛЕРДИН КУДАЙЫ ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТКАНЫН КӨРБӨЙ ТУРАСЫҢБЫ?
КАЙРАДАН ФАРАОН МУСАНЫ ЧАКЫРТЫП, ЭЛИН КОЕ БЕРЕМ ДЕП УБАДА КЫЛДЫ. ЧЕГИРТКЕЛЕР ЖОГОЛДУ. БИРОК ТЕҢИР ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮН КАТУУЛАНТЫП КОЙГОНДУКТАН, АЛ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫН КОЁ БЕРБЕЙ КОЙДУ.



МИСИРДЕН ЧЫГУУ 10:21-29


ТЕҢИР ФАРАОНДУ ЖАНА МИСИРЛИКТЕРДИ ДАГЫ БИР ЖОЛУ ЖАЗАЛАЙТ. ОШОНДОН КИЙИН ГАНА АЛАР БИЗДИ БУЛ ЖЕРДЕН КОЁ БЕРЕТ. КОЁ БЕРГЕНДЕ ДА, БИЗДИ БУЛ ЖЕРДЕН ШАШЫЛЫШ КУУП ЧЫГАТ. ТҮН ОРТОСУНДА КУДАЙ МИСИР ЖЕРИН АРАЛАП ӨТӨТ. ОШОНДО МИСИР ЖЕРИНДЕГИ ТУН БАЛДАРДЫН БААРЫ КЫРЫЛАТ.
ЫСРАЙЫЛ ЖАМААТЫНДАГЫ АР КИМ ӨЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ БИРДЕН КОЗУ КАМДАСЫН, АР БИР ТҮТҮН БИРДЕН КОЗУ ДААРДАСЫН.
ЭТ ЖЕЙ ТУРГАН ҮЙДҮН ЭШИГИНИН ЭКИ КАШЕГИНЕ, ЭШИКТИН МАҢДАЙЧАСЫНА АНЫН КАНЫНАН СЫЙПАП КОЮШСУН.
ЭЛИҢЕ АЙТЫП КОЙ, АР БИР ЭРКЕК, АР БИР АЯЛ ӨЗ КОШУНАСЫНАН АЛТЫН-КҮМҮШ БУЮМ СУРАП АЛСЫН. КУДАЙ АЛАРДЫН ЖҮРӨГҮН ЖУМШАРТТЫ, ЖӨН ЭЛЕ СИЛЕРГЕ БЕРИП КОЮШАТ.
КИЙИМ-КЕЧЕГИҢЕРДИ КАМДАП, ЭРТЕҢ БУЛ ЖЕРДЕН ЧЫГЫП КЕТҮҮГӨ ДАЯР БОЛГУЛА. ЭМИ СИЛЕР МИСИРГЕ КАЙТЫП КЕЛБЕЙСИҢЕР.
АПА, АТАМ ЭШИКТИ ЭМНЕГЕ КАН МЕНЕН БОЕП ЖАТАТ?
ТЕҢИР: “МИСИРДИ КЫЙРАТУУ ҮЧҮН БАРА ЖАТКАНДА, КЫЙРАТУУЧУ КАШЕКТЕГИ КАНДЫ КӨРҮП, КЫЯ ӨТҮП КЕТЕТ” ДЕП АЙТТЫ.




МИСИРДЕН ЧЫГУУ 12:8-30






МИСИРДЕН ЧЫГУУ 12:29-31


ФАРАОН КАЙРАДАН МУСАНЫ ЧАКЫРТТЫ.
БИРОК ФАРАОН МУСАНЫН БЕТИНЕ КАРАГАН ЖОК.
МЕН КҮНӨӨ КЕТИРДИМ. БАРДЫК ЭЛИҢДИ АЛЫП, КЕТКИЛЕ. СИЛЕРДИН КУДАЙЫҢАР УЛУУ ЭКЕН. КЕТЕРДЕН МУРДА МАГА БАТАҢАРДЫ БЕРГИЛЕ.


АЛАРДЫН АТА-БАБАСЫНА БЕРГЕН УБАДАСЫНДАЙ ЭЛЕ, 400 ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ АЛАР МИСИР ЖЕРИНЕН ЧЫГЫШТЫ. МИСИРЛИКТЕР АЛАРДЫН КААЛАГАНДАРЫН МЕНЕН КОШО АЛТЫН БУЮМДАРЫН БЕРИШТИ. БУЛ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ҮЧҮН ЭҢ КУБАНЫЧТУУ ЖАҢЫ УЛУТТУН БИРИНЧИ КҮНҮ БОЛДУ.
УБАДАЛАНГАН ЖЕРГЕ МИСИРДЕН 600 000 ЭРКЕК, АЯЛ ЖАНА БАЛДАР ЖОЛГО ЧЫКТЫ.
ТЕҢИР БОЛСО АЛАРДЫ КҮНҮ-ТҮНҮ ЖОЛ ЖҮРСҮН ДЕП, КҮНДҮЗ АЛАРГА БУЛУТ МАМЫНЫН ИЧИНДЕ ЖОЛ КӨРСӨТҮП, АЛ ЭМИ ТҮН ИЧИНДЕ ОТ МАМЫНЫН ИЧИНДЕ ЖАРЫК БОЛУП, АЛАРДЫН АЛДЫНДА БАРА ЖАТТЫ.



# SUPERBIBLE.TV